| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**ТОҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ТОНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Тоң айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын XV сессиясы

**ТОКТОМ №44**

**«22» август, 2023-жыл** **Тоң айылы**

**Акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Тоң айыл аймагынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы С.Борбодоевдин 2023-жылдын алты айлыгы менен жергиликтүү бюджетке өзгөртүү киргизүү менен акча каражатын бөлүштүрүү тууралуу сунушун угуп жана талкуулап, Тоң айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Тоң айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын экинчи жарым жылдыгындагы киреше бөлүгү 750 000 (жети жүз элүү миң) сомго көбөйтүлүп, төмөнкүлөргө бөлүнсүн;

- Ак-Булуң айылынын окуучуларын ташуу үчүн атайын автобус унаасын сатып алууга 700 000 (жети жүз миң);
-Жергиликтүү демилгелерди колдоо үчүн өздүк салым катары 50 000 (элүү миң ) болуп бөлүнсүн.

2. Тоң айылдык кеңешинин 15.02.2023-жылдагы №2 токтомуна өзгөртүү киргизилип төмөнкүчө бөлүштүрүлсүн;

- Жайыт комитетине атайын автоунаа алууга каралган акчадан 800 000 ( сегиз жүз миң) сом Ак-Булуң айылынын окуучуларын ташуу үчүн атайын автобус унаасын сатып алууга;
- Тоң айылындагы көчөлөрдүн жарыктандыруусуна каралган акча каражатынан:
- 250 000 (эки жүз элүү миң) сом Кажы-Саз айылына электр көмөк чордон;
- А. Салиев атындагы мектебинин “Кыргыз жараны” концепциясынын алкагындагы өтүүчү семинарга 30 000 (отуз миң) сом бөлүнсүн.

3. Тоң айылдык кеңешинин 15.02.2023-жылдагы №1 токтомуна өзгөртүү киргизилип төмөнкүчө бөлүштүрүлсүн;

- 22154900 беренесиндеги өзгөчө кырдаалга каралган 80 000 (сексен миң) сомдон 65 000 (алтымыш беш мин) сому 22141100 беренесине күйүүчү май алууга которулсун.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Тоң айылдык кеңешинин бюджет жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Турдуев**

**Жооптуу катчы** **Г. Мааданбекова**